***<u>Баткен облустук  статистика башкармалыгы</u>***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь-август*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

## *Баткен-2022*

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы***

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Кайымов Р.И.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2022-жылдын январь-август айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2022-жылдын 12-сентябры

***Шарттуу белгилер:***

-кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

***М А З М У Н У***


***I*** ***Облустун социалдык -экономикалык абалы…………………………… 4***
***II*** ***Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр……………………. 5***
***III*** ***Сектордук обзор……………………………………………………….. 6***

***Реалдуу сектор………………………………………………………. 6***
Өнөр жайы……………………………………………………… 6
Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. 7
Капиталдык салым………………………………………………... 8
Транспорт жана байланыш……………………………………….. 8
Тейлөө рыногу…………………………………………………….. 8
Керектөө рыногу…………………………………………………... 8
Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… 9
Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… 10
Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. 10
***IV*** ***Мамлекеттик сектор………….………………………..……………….. 12***
Финансы…………………………………………………………… 12
Ишканалардын финансысы……………………………………….. 13
***VI*** ***Социалдык сектор…………………………………………………….. 13***
Калктын оорулары.......................................................................... 13
Укук бузуулар.................................................................................. 14

***Тиркеме…………………………………………………………………… 16***

## *ОБЛУСТУН 2022- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-АВГУСТ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ*

Облустубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2022-жылдын январь-август айында 2775188,0 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 109,6 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүң чыгарылышы 2022-жылдын январь-августь айларында 13471,0 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 106,3 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-август айларында 1381280,7 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 78,4 пайызды түздү.

2022-жылдын январь-август айында турак жай курулушунда жалпы аянты 44206,0 чарчы метр болгон 404 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-август айынын денгээлине салыштырмалуу 124,5 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 615230,8 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-август айларында 844,7 миң тонна жүк ташылып, 2021-жылдын январь-август айларына салыштырмалуу 101,5 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 123753,5 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 105,0 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2022-жылдын январь-август айында 14460430,6 миң сомду түзүп, 2021-жылдын январь-август айынын денгээлинен 3,9
пайызга өскөн.

2022-жылдын январь-август айында чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 12292863,0 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2021-жылдын январь-август айынын деңгээлинен 11,7 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-август айында 2167567,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 1,6 пайызга өскөн.

Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-август айын өткөн жылдын январь-август айына салыштырганда 111,9 пайызды, ал эми ушул жылдын август айын 2021-жылдын декабрь айына салыштырганда 110,2 пайызды түздү.

Облус боюнча 2022-жылдын июль айында бир айлык орточо эмгек акы 20373,0 сом өлчөмүндө калыптанып, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 32,4 пайызга өскөн. 2022-жылдын январь-июль айында бир айлык орточо эмгек акы 19327,8 сом өлчөмүндө калыптанып, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 36,2 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2022-жылдын январь-август айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу бактериялуу дизентерия, эпидемиялык паротит, эхинококоз, котур, ичегинин өткүр инфекциясы, жаныбарлардын тиштеп алуусу жана респиративдүү оорулардын өскөндүгү байкалат. Ал эми, вирустуу гепатит А түрү, аскаридоз, бруцеллез, педикулез жана гонорея ооруларынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

## *II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР*

| | 2022 ж. январь-август айларында | 2022ж август айы 2021ж август айына карата пайыз менен | 2022-жылдын январь-август айлары 2021-жылдын январь-август айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| ***Экономикалык индикаторлор*** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 2775188,0 | 120,9 | 109,6 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 13471,0 | 105,2 | 106,3 |
| Негизги капиталга инвестициялар, мин сом | 1381280,7 | 2,0эсе | 78,4 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 44206,0 | 2,1эсе | 124,5 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 844,7 | 101,0 | 101,5 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 123753,5 | 99,5 | 105,0 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 14460430,6 | 127,5 | 103,9 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 12292863,0 | 127,8 | 111,7 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 2167567,6 | 125,9 | 101,6 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 19327,8 [1)] | 132,4[2)] | 136,2[3)] |

***[1)] 2022ж. январь-июль***
***[2)] 2022ж. июль***
***[3)] 2022ж. январь-июль***

## *III. СЕКТОРДУК ОБЗОР*

### Реалдуу сектор

***<u>Өнөр жайы.</u>*** Облус боюнча 2022-жылдын январь-август айында 2775188,0 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 109,6 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 1068551,1 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 38,5 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 1073286,3 миң сомду же 38,7 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 517189,5 миң сомду же 18,6 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 116161,1 миң сомду же 4,2 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-август айында 1073286,3 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн 127,6 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-август айында 463442,5 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-август айына салыштырмалуу 133,5 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу көмүрдү Кадамжай району 104154,0 тоннага, Лейлек району 6388,0 тоннага, Сүлүктү шаары 7291,8 тоннага көп, ал эми Баткен району 1666,0 тоннага аз казып алган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 1068551,1 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 105,8 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 497772,7 миң сомду (көлөмдүн 46,6 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 142773,0 миң сомду (көлөмдүн 13,4 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 21608,6 миң сомду (көлөмдүн 2,0 пайызын), химия өндүрүшү 39293,5 миң сомду (көлөмдүн 3,7 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 243659,6 миң сомду (көлөмдүн 22,8 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 33843,8 миң сомду (3,2 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 163105,6 миң сомду (15,3 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси чимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-август айында өткөн жылдын январь-август айына салыштырмалуу 105,7 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 12,0 пайызга, жаңы бышкан нан 2,5 пайызга, таш көмүр өндүрүү 33,5 пайызга, тазартылган күрүч 6,4 пайызга, эт азыктары 6,2 пайызга, кондитердик азыктар 4,0 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 3,1 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 15,3 пайызга, өсүмдүк майын өндүрүү 10,5 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 4,7 пайызга, бут кийим 10,2 пайызга, эркектердин тигилүү кийими 6,0 эсеге, бышырылган керамика кирпичи 35,1 пайызга өскөн. Ал эми сымап өндүрү 58,0 пайызга, аялдардын тигилүү кийимдери 65,1 пайызга, иштетилбеген мунайзат 10,6 пайызга, иштетилген сүт азыктары 27,1 пайызга, бышырылбаган керамика кирпичи 26,7 пайызга аз өндүрүлдү.

*2022-жылдын январь-август айында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 142773,0 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-август айындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 29,8 пайызга өскөн. Ал эми химия өндүрүшүнүн көлөмү 39293,5 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 58,0 пайызга төмөндөгөн.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-август айында 33843,8 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-август айына салыштырганда 111,3 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-август* айында 517189,5 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 103,1 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 16161,1 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 88,3 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы
(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.*** 2022-жылдын январь-август айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 13471,0 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 106,3 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-август айларында 16751,7 тонна эт, 70536,7 тонна сүт, 14862,7 миң даана жумуртка, 675,2 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 0,1, сүт өндүрүү 0,4, жумуртка өндүрүү 1,3 пайызга жогорулаган. Ал эми жүн өндүрүү 2,0 пайызга төмөндөгөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Лейлек районунда 0,5, Баткен шаарында 1,7, Кызыл-Кыя шаарында 4,4, Сүлүктү шаарында 0,3 пайызга өсүү болгон. Баткен районунда 1,4 пайызга азайган. Ал эми Кадамжай районунда өткөн жылдын деңгээлинде калган. Сүт өндүрүү Кадамжай районунда 1,6, Лейлек районунда 0,6, Баткен шаарында 0,3, Кызыл-Кыя шаарында 4,2 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен районунда 2,4 жана Сүлүктү шаарында 2,0 пайызга аз өндүрүлгөн. Жумуртканы Баткен району 1,3, Кадамжай району 1,3, Лейлек району 0,4, Баткен шаары 1,2, Кызыл-Кыя шаары 3,2, Сүлүктү шаары 0,3 пайызга көп өндүргөн. Жүн өндүрүү Кадамжай районунда 0,9 пайызга, Лейлек районунда 0,4, Кызыл-Кыя шаарында 0,5, Сүлүктү шаарында 3,3 пайызга көп өндүрүлгөн. Ал эми Баткен районунда 11,7 пайызга жана Баткен шаарында 16,3 пайызга аз өндүрүлгөн.

Облус боюнча 2022-жылдын 1-сентябрна карата 51998,0 тонна дан эгиндери жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 156,7 пайызды түздү. Бардык дан эгиндерди өндүрүүнү өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Баткен району 143,4 пайызга, Кадамжай району 103,7 пайызга, Лейлек району 184,7 пайызга, Баткен шаары 5,3 эсеге жана Кызыл-Кыя шаары 2,2 эсеге аткарган. Анын ичинен буудай 30429,1 тонна же 149,3 пайызды, арпа 18439,4 тонна же 198,7 пайызды түзгөн. Картошка 22037,3 тонна жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 102,6 пайызды, жашылча 40199,7 тонна же 98,8 пайызды, мөмө-жемиш 36196,5 тонна же 121,0 пайызды түздү.

Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу картошка казып алуу Баткен районунда 112,9 пайызга, Кадамжай районунда 107,8 пайызга, Лейлек районунда 100,9 пайызга, Баткен шаарында 132,6 пайызга жана Кызыл-Кыя шаарында 81,9 пайызга аткарылган. Жашылча жыйноо Баткен районунда 84,9 пайызды, Кадамжай районунда 101,9 пайызды, Лейлек районунда 95,5 пайызды, Баткен шаарында 50,0 пайызды, Кызыл-Кыя шаарында 116,0 пайызды жана Сүлүктү

шаарында 102,0 пайызды түздү. Мөмө-жемиш өндүрүү Баткен районунда 125,3 пайызды, Кадамжай районунда 94,8 пайызды, Лейлек районунда 3,2 эсени, Баткен шаарында 166,4 пайызды, Кызыл-Кыя шаарында 25 пайызды жана Сүлүктү шаарында 101,0 пайызды түздү.

***<u>Капиталдык салым.</u>*** 2022-жылдын январь-август айларында 1381280,7 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2021-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 78,4 пайызды түздү. Капиталдык салымдар Сүлүктү шаарында 86,6 пайызга, Баткен районунда 2,3 эсеге өскөн. Ал эми Лейлек районунда 30,8 пайызга, Кадамжай районунда 54,9 пайызга, Баткен шаарында 59,2 пайызга, Кызыл-Кыя шаарында 27,5 пайызга төмөндөдү. Каржылоонун негизги булактарын калктын каражаттары, республикалык бюджет түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 93,5 пайызы подряддык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




***<u>Турак жай.</u>*** 2022-жылдын январь-август айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 44206,0 чарчы метр болгон 404 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 124,5 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 615230,8 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

***<u>Транспорт жана байланыш.</u>*** 2022-жылдын январь-август айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 844,7 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-июль айларына салыштырмалуу 101,5 пайызды түздү.

2022-жылдын январь-август айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 5808,1 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 123753,5 миң жүргүнчү-км түздү (2021-жылдын январь – август айларына салыштырмалуу 105,0 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2022-жылдын январь-август айларында бардыгы жеке жактардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***<u>Тейлөө рыногу.</u>*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2022-жылдын январь-август айында 14460430,6 миң сомду түзүп, 2021-жылдын январь-август айына салыштырмалуу 3,9 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 13980487,2 миң сом болуп 3,2 пайызга өскөн.

***<u>Керектөө рыногу.</u>*** Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-август айында 11465092,3 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,8 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 6161757,4 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 6,7 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 53,7 пайызды түздү. Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь-август айында 12292863,0 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 11,7 пайызга өскөн.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-август айында 24750,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,9 пайызга өсөн.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-август айында 4781686,1 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 0,8 пайызга төмөндөгөн.

Азыркы күндө эл керектөөчү керек-жарак товарларынын көпчүлүгүн (76,9 пайызын) соода түйүндөрүнөн алышат, алардын жүгүртүлүшү ушул жылдын январь-август айында 9473406,8 миң сомду түздү, же өткөн жылга салыштырганда 7,9 пайызга өскөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-август айында 2167567,6 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 1,6 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




<u>**Эмгек рыногу жана эмгек акы.**</u> Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2022-жылдын 1-сентябрына карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 16146 адамды түздү, анын ичинен 12500 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен 173 адам коомдук акы төлөнүүчү иштерге тартылды.

2022-жылдын 1-сентябрына карата 505 бош жумушчу орун болду. Бир бош иш ордуна 32 адам туура келди.

Облус боюнча 2022-жылдын июль айында бир айлык орточо эмгек акы 20373,0 сом өлчөмүндө калыптанып, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 32,4 пайызга өскөн. 2022-жылдын январь-июль айында бир айлык орточо эмгек акы 19327,8 сом өлчөмүндө калыптанып, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 36,2 пайызга өскөн.

Эмгек акы июль айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу тоо кен казуу, кайра иштетүү, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, Соода: автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучубуюмдарды оңдоо, курулуш, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо,

информация жана байланыш, финансалык ортомчулук, кыймылсыз мулк менен иш жүргүзүү, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү, маданий көңүл ачуу жана дем алуу тармактары боюнча өскөндүгү байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2022-жылдын июль айында 251,8 долларды түздү.

2022-жылдын 1-августуна карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 35313,5 миң сом болду. Эмгек акыны төлөө карызынын 88,9 пайызын Кадамжай району, 11,1 пайызын Кызыл-Кыя шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны

(адам)




***<u>Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.</u>*** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-август айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 105,5 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 111,1 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 98,1 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2022- жылдын август айында өткөн жылдын август айына салыштырмалуу 105,8 пайызды түздү. Ал эми 2022-жылдын январь-август айлары өткөн жылдын январь-август айларына салыштырмалуу 99,7 пайызды түздү.

***<u>Баалардын жана тарифтердин индекси.</u>*** Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-август айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 111,9 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын август айын 2021-жылдын декабрь айына салыштырганда 110,2 пайызды түздү.

Ушул жылдын август айында өткөн айга салыштырмалуу жогорку сорт ун 21,6 пайызга, 1-сорттогу ун 18,4 пайызга, нан 30,0 пайызга, макарон азыктары 18,8 пайызга, уйдун эти 12,2 пайызга, койдун эти 10,2 пайызга, сүт 16,1 пайызга, жумуртка 1,8 пайызга жана күн карама майы 12,0 пайызга кымбаттаган.

***Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумурт-ка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Январь | 104,6 | 100,5 | 100,9 | 101,2 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 101,5 | 100,2 |
| Февраль | 101,7 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,6 | 98,5 |
| Март | 103,7 | 102,7 | 100,0 | 100,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 108,1 |
| Апрель | 105,2 | 101,8 | 107,1 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 94,47 | 101,1 |
| Май | 102,3 | 101,4 | 102,8 | 103,3 | 100,0 | 100,0 | 102,8 | 97,5 | 97,4 |
| Июнь | 101,9 | 101,1 | 100,0 | 107,1 | 100,0 | 109,5 | 99,4 | 104,2 | 100,0 |
| Июль | 110,0 | 113,3 | 107,8 | 101,0 | 103,8 | 108,2 | 109,0 | 100,9 | 104,1 |
| Август | 121,6 | 118,4 | 130,0 | 118,8 | 112,2 | 110,2 | 116,1 | 101,8 | 112,0 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу пияз 62,4 пайызга, картошка 1,9 пайызга, алма 12,5 пайызга, кургатылган өрүк 88,6 пайызга кымбаттаган. Ал эми сабиз 22,2 пайызга, грек жаңгагы 4,8 пайызга төмөндөгөн.

***Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатыл-ган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Январь | 100,0 | 102,6 | 105,9 | 121,5 | 98,0 | 100,0 |
| Февраль | 112,1 | 102,5 | 106,0 | 117,6 | 100,0 | 100,0 |
| Март | 102,3 | 93,7 | 104,4 | 102,5 | 100,0 | 103,3 |
| Апрель | 104,7 | 102,4 | 110,6 | 103,7 | 102,1 | 100,0 |
| Май | 109,2 | 99,4 | 109,0 | 110,2 | 123,1 | 100,0 |
| Июнь | 124,4 | 111,3 | 95,1 | 97,2 | 100,0 | 100,0 |
| Июль | 112,2 | 69,7 | 91,0 | 73,2 | 108,3 | 100,0 |
| Август | 162,4 | 101,9 | 77,8 | 112,5 | 188,6 | 95,2 |

Үстүбүздөгү жылдын август айында өткөн июль айына салыштырмалуу күйүүчү-майлоочу материалдар 1,8 пайызга, бензин 0,9 пайызга, үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника 0,3 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 0,7 пайызга кымбаттаган. Ал эми калган товарлар оз ордунда калган.

***Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси***

(пайыз менен)

| | 2022ж. август 2021ж. декабрына карата | 2022ж январь-август 2021ж январь-августуна карата | 2022ж август айында 2022ж июлуна карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 102,4 | 109,0 | 100,0 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 122,4 | 105,9 | 100,0 |
| Бут кийим | 101,5 | 117,1 | 100,0 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 108,0 | 114,2 | 100,0 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 110,0 | 103,7 | 100,0 |
| Катуу отун | 96,7 | 95,4 | 100,0 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 106,9 | 136,9 | 101,8 |
| Бензин | 104,2 | 135,6 | 100,9 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 110,4 | 108,6 | 100,3 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 98,3 | 104,0 | 100,0 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 111,9 | 104,5 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 103,8 | 108,5 | 100,7 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын август айында маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр 7,6 пайызга кымбаттаган. Ал эми калган бардык тейлөөлөр өз ордунда калган.

***Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.***

(пайыз менен)

| | 2022ж. август 2021ж. декабрына карата | 2022ж январь-август 2021ж январь августуна карата | 2022ж август 2022ж июлуна карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 125,2 | 125,7 | 100,0 |
| Байланыш тейлөөсү | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 111,3 | 109,8 | 107,6 |
| Билим берүү тейлөөсү | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 109,8 | 107,4 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 100,0 | 112,6 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

***Керектөө бааларынын индекси***

(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)




## ***Мамлекеттик сектор***

***<u>Финансы.</u>*** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2022-жылдын январь-июль айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 810,7 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 125,4 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 1051,5 млн. сомду түзүп, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 2,3 пайызга азайган, ал эми чыгашалар 52,4 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2022-жылдын январь-июль айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2022-жылдын январь-июль айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 495,1 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 32,8 пайызга өскөн. Бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр 6,1 эсеге, киреше жана пайда салыгы 39,4 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 43,6 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 8,8 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 37,8 пайызга өскөн. Ал эми Патенттин негизиндеги салык 7,8 пайызга, жер салыгы 13,7 пайызга жана менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 6,6 пайызга азайган. Соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2021-жылдын январь-июль айларында жалпы кирешенин 15,2 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2022-жылдын январь-июль айларында 13,8 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана проценттер түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 70,2 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 25,1 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 16,3 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2022-жылдын январь-июль айларында 362,5 млн. сомду түзүп, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 13,0 пайызга азайган. Чыгашалардын 12,2 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө, 65,0 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого жумшалды. Бардык чыгашалардын 1,0 пайызы билим берүү тармагына (3,5 млн. сом) жумшалган.

***Ишканалардын финансысы.*** Облус боюнча ишканалардын финансы көрсөткүчтөрүнүн жыйынтыгы менен 2022-жылдын январь-июнь айларында 154369,6 миң сом эсебинде баланстык киреше аныкталды.

Баланстык киреше 2022-жылдын январь-июнь айларында Баткен шаары боюнча 15567,5 миң сомду, Кызыл-Кыя шаарында 23444,0 миң сомду жана Кадамжай району боюнча 197650,0 миң сомду түздү, ал эми калган бардык район, шаарлар чыгаша менен аяктады.

2022-жылдын январь-июнь айларында рентабелдүү ишканалардын саны 127 алардын кирешесинин көлөмү 280881,3 миң сомду түзүп, ишканалардын жалпы санына карата 30,3 пайызды түздү.

Баланстык чыгаша алган ишканалардын чыгаша суммасы Баткен районунда 83,3 миң сом, Лейлек району боюнча 68905,7 миң сом жана Сүлүктү шаары боюнча 13281,7 миң сомду түздү.

2022-жылдын январь-июнь айларында чыгаша менен чыккан ишканалар, бардык ишканалардын санына карата 22,0 пайызды түзүп, чыгашаларынын жалпы суммасы 126511,7 миң сомго жеткен.

Дебитордук карыздар 2022-жылдын январь-июнь айларында 765020,4 миң сомго жетип, анын ичинен мөөнөтү өтүп кеткен карыздар 35395,1 миң сомду түздү. Дебитордук карыздардын жарымынан көбү өнөр-жай ишканаларына тийиштүү.

Кредитордук карыздар ушул мезгилге карата 2680800,2 миң сом өлчөмүндө аныкталып, анын ичинен мөөнөтү өтүп кеткен карыздар 1267863,4 миң сомго жетти.

Отчеттук мезгилдин акырына даяр продукциялардын көлөмү 221025,0 миң сомду түздү.

## Социалдык сектор

***Калктын оорулары***. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф жана дифтерия ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2022-жылдын январь-август айларында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Ал эми бактериалуу минингит менен 1 оорулуу жана бактериялуу дизентерия менен 46 оорулуу катталды. Ичегинин өткүр инфекциясы менен 1174 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,7 пайызга өскөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 154 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 11,5 пайызга төмөндөгөн, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 144 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 12,2 пайызга төмөндөгөн, ал эми эпидемиялык паротит менен 22 оорулуу катталып 29,4 пайызга өскөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан ооругандар төмөндөгөнү байкалат* бруцеллез оорусу менен 34 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 27,7 пайызга төмөндөгөн, жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 540 учур катталып 5,1 пайызга өскөн, аскаридоз менен 758 учур катталып 9,9 пайызга төмөндөгөн, ал эми эхинококкоз оорусу менен 22 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 29,4 пайызга өскөн.

*Паразитардык оорулардан* ВИЧ инфекциясы менен 11 учур катталып өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 8,3 пайызга төмөндөгөн, гонорея менен 5 учур катталып 58,3 пайызга, педикулез менен 2 учур катталып 77,8 пайызга төмөндөгөн, котур ооруусу 90 учур катталып 57,9 пайызга өскөн, ал эми сифилис ооруусу менен 2 учур катталды.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 10756 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 26,8 пайызга өскөн, кургак учук менен ооруган 170 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,3 пайызга өскөн.

***Укук бузуулар.*** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2022-жылдын январь-июль айларында облус боюнча 899 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,2 пайызга же 28 кылмышка өскөн. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо 6, ээнбаштык 42, уурулук 216, алдамчылык 144, тоноочулук 16, бангизаттарга байланыштуу 42, кызматтык кылмыштар 49, экономика тармагында 44 кылмыш, 22 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2022-жылдын январь-июль айларында 696 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине карата 121 адамга өскөн.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар-78, иштегендер 4, ишкерлер 5, мектеп окуучулары 34, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 15, эч жерде иштебеген жана окубагандар-392 түзөт.

***Облстатистика башкармалыгынын жетекчиси:*** ***С. Ысмайылов***

| | | бети |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 17 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү……….......................………............... | 18 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……............................................………............. | 18 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………. ……………………………… | 19 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү………………………………. | 20 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..………………………......... | 20 |
| 7 | Аймактар боюнча 2022-жылдын 1-сентябрына карата эгилген эгиндердин түшүмүн жыйноонун жүрүшү жөнүндө маалымат................................................................................................................................ | 21 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү……………………………….………….. | 22 |
| 10 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы……………………………………… | 24 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү.................................. | 24 |
| 12 | Турак-жай курулушунун аткарылышы облус боюнча……………………………………………………. | 24 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши.............................................................................. | 25 |
| | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү………………………………………………………. | 26 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 26 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 16 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү…………………………………………………………….. | 27 |
| | Керектөө рыногу | |
| 17 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…..............………........ | 27 |
| 18 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү…………………………………………………… | 28 |
| 19 | Коомдук тамактануу чөйрөсүндө товар жүгүртүүнүн түзүлүшү…………………………………………. | 28 |
| 20 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо............... | 29 |
| 21 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошпогондо.......... | 29 |
| 22 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо (катталган ишканалар боюнча)................................................................................................................... | 30 |
| 23 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү | 30 |
| 24 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү (катталган ишканалар боюнча)……………………………………………………………………………. | 31 |
| 25 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 31 |
| 26 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү (катталган ишканалар)……………………….. | 31 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 27 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары………… | 32 |
| 28 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары июль............. | 33 |
| 29 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары январь-июль | 33 |
| 30 | Калкты иш менен камсыз кылуу…………………………………………………………………………….. | 34 |
| 31 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны.............................................................................................. | 34 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| | Финансы | |
| 32 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 35 |
| 33 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 35 |
| 34 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 36 |
| 35 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 36 |
| | Ишканалардын финансысы | |
| 36 | Ишканалардын киреше, чыгашалары ………………………………………………………………………. | 37 |
| 37 | Ишканалардын карыздары жана даяр продукциялардын калдыктары.......………………………………. | 37 |
| | Социалдык сектор | |
| 38 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны…………………………………………… | 38 |
| 39 | Катталган кылмыштар саны……………………………………………………………………………….. | 38 |
| 40 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………. | 39 |
| 41 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………………………. | 40 |

Таблица 1. Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь-август

( миң сом)

| | 2021 | 2022 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| ***Бардыгы*** | ***2287390,3*** | ***2775188,0*** | ***109,6*** |
| ***I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы*** | ***697174,1*** | ***1073286,3*** | ***127,6*** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 514617,2 | 736479,4 | 133,5 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 176663,0 | 326369,2 | 89,4 |
| 3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 5893,9 | 10437,7 | 122,7 |
| ***II. Иштетүү өнөр жайы*** | ***930762,7*** | ***1068551,1*** | ***105,8*** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдик-тер менен тамеки кошо | 451368,3 | 497772,7 | 105,7 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдик терди кошкондо | 386501,2 | 447020,1 | 104,7 |
| -тамеки өндүрүү | 783,4 | 1300,9 | 166,0 |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 97100,9 | 142773,0 | 129,8 |
| -текстил өндүрүшү | 71235,3 | 104689,1 | 113,1 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 25563,5 | 37753,0 | 3,1 эсе |
| -.булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 302,1 | 330,9 | 3,1 эсе |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 19779,3 | 21608,6 | 102,3 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 19245,3 | 21018,6 | 102,2 |
| - басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 534,0 | 590,0 | 110,6 |
| 4. Химия өндүрүшү | 22146,0 | 39293,5 | 42,0 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 225118,3 | 243659,6 | 104,7 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 29568,4 | 33843,8 | 111,3 |
| 7. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 155428,6 | 163105,6 | 107,8 |
| ***III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү*** | ***492001,3*** | ***517189,5*** | ***103,1*** |
| ***IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.*** | ***167452,2*** | ***116161,1*** | ***88,3*** |

Таблица 2. Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү

январь-август (миң сом)

| | 2021 | 2022 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| ***Область боюнча:*** | ***2287390,3*** | ***2775188,0*** | ***120,9*** | ***109,6*** |
| Электр энергиясыз | 1795389,0 | 2257998,5 | 123,9 | 111,0 |
| райондор: | | | | |
| Баткен | 140484,6 | 132728,2 | 121,6 | 98,3 |
| Кадамжай | 528762,0 | 789304,7 | 171,9 | 128,0 |
| Лейлек | 299131,7 | 488571,5 | 105,8 | 104,0 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 562474,7 | 602570,9 | 102,3 | 104,3 |
| Электр энергиясыз | 70473,4 | 85381,4 | 104,0 | 106,9 |
| Кызыл-Кыя | 388638,6 | 390794,1 | 65,9 | 98,9 |
| Сүлүктү | 367898,7 | 371218,6 | 106,5 | 103,6 |

Таблица 3. Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү

| | Өлчөө бирдиги | 2021 | 2022 | 2022ж. январь-август айы 2021ж. январь-август айына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | январь-август | | |
| Таш көмүр | тонна | 347274,7 | 463442,5 | 133,5 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 6941,0 | 9375,4 | 135,1 |
| Бут кийим | жуп | 752 | 829 | 110,2 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 574,7 | 610,5 | 106,2 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | 682,2 | 500,0 | 73,3 |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 3103,2 | 3248,6 | 104,7 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 70,7 | 78,1 | 110,5 |
| Жаңы бышкан нан | тонна | 6044,4 | 6193,3 | 102,5 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 63655,8 | 71314,8 | 112,0 |
| Сурьма металы кошулма | % | - | - | - |
| Сымап | % | - | - | 42,0 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 3403,9 | 3923,6 | 115,3 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 683,4 | 727,4 | 106,4 |
| Кондитер азыктары | тонна | 341,5 | 355,0 | 104,0 |
| Килемдер | даана | - | - | - |
| Жашылча жемиштин шербети | миң литр | - | - | - |
| Балмуздак | тонна | 60,7 | 61,7 | 101,6 |
| Эркектердин тигилүү кийимдери | даана | 77756 | 467117 | 6,0 эсе |
| Аялдардын тигилүү кийимдери | даана | 455409 | 158738 | 34,9 |
| Иштетилбеген мунайзат | миң тонна | 8,5 | 7,6 | 89,4 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү | миң сом | 217013,3 | 223783,4 | 103,1 |
| Иштетилген сүт азыктары | тонна | 32,5 | 23,7 | 72,9 |

Таблица 4. Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү
2022-жылдын январь -август

| | 2021 | 2022 | 2022 % менен 2021 | 2021 | 2022 | 2022 % менен 2021 | 2021 | 2022 | 2022 % менен 2021 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Таш көмүр, тонна*** | | | ***Бышырылган кирпич, миң даана*** | | | ***Эт жана эт азыктары, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***347274,7*** | ***463442,5*** | ***133,5*** | ***6941,0*** | ***9375,4*** | ***135,1*** | ***574,7*** | ***610,5*** | ***106,2*** |
| райондор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 7225,0 | 5559,0 | 76,9 | 1200,0 | 1200,0 | 100,0 | 43,6 | 43,8 | 100,5 |
| Кадамжай | 167826,0 | 271980,0 | 162,1 | 5412,3 | 7908,4 | 146,1 | 223,6 | 290,9 | 130,1 |
| Лейлек | 194,0 | 6582,0 | 33,9 эсе | 182,2 | 255,0 | 139,9 | - | - | - |
| шаарлар: | | | | | | | | | |
| Баткен | - | - | - | - | - | - | 88,0 | 95,0 | 108,0 |
| Кызыл-Кыя | - | - | - | - | - | - | 219,5 | 180,8 | 82,4 |
| Сүлүктү | 172029,7 | 179321,5 | 104,2 | 210,5 | 12,0 | 5,7 | - | - | - |

| | ***Жаңы бышкан нан, тонна*** | | | ***Дан эгиндеринен тартылган ун, тонна*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***6044,4*** | ***6193,3*** | ***102,5*** | ***3103,2*** | ***3248,6*** | ***104,7*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 365,0 | 384,0 | 105,2 | 2035,2 | 2083,8 | 102,4 |
| Кадамжай | 2438,4 | 2476,8 | 101,6 | 866,2 | 904,0 | 104,4 |
| Лейлек | 503,4 | 555,5 | 110,3 | 201,8 | 260,8 | 129,2 |
| шаарлар: | | | | | | |
| Баткен | 467,0 | 486,0 | 104,1 | - | - | - |
| Кызыл-Кыя | 1870,6 | 1891,0 | 101,1 | - | - | - |
| Сүлүктү | 400,0 | 400,0 | 100,0 | - | - | - |

| | ***Кондитер азыктары, тонна*** | | | ***Өсүмдүк майы, тонна*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***341,5*** | ***355,0*** | ***104,0*** | ***70,7*** | ***78,1*** | ***110,5*** |
| райондор: | | | | | | |
